**Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги**
**Каттоо №116-08, 2008 -жылдын 26-сентябры**

## Тамеки заттарынын уулуу ингредиенттери жана тамеки түтүнүн түзүүчүлөр жөнүндө

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО МИНИСТРЛИГИНИН

# Б У Й Р У Г У

«Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 4-апрелиндеги № 122 токтомун, «Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-статьясын жана Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун (ДССУ) тамекиге каршы күрөш боюнча Алкактык Конвенциясын ишке ашыруу максатында

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

**1.** Төмөнкү тиркелгендер бекитилсин

- тамеки заттарындагы чайырдын, никотиндин жана көмүртек кычкылынын жол берилүүчү эң жогорку деңгээли жана аларды өлчөө эрежеси (№1-тиркеме);

- өз товарларын Кыргыз Республикасынын рыногунда сатуучу жергиликтүү жана чет өлкөлүк өндүрүшчүлөрдүн чыгарылган продукциялары Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулчу стандарттарга ылайыктыгы жөнүндө отчет берүүсүнүн эрежелери (№ 2 тиркеме).

**2.** Республикалык ден соолукту чыңдоо борборунун директору жана басма сөз – борборунун жетекчиси (Айтмурзаева Г.Т., Баялинова Е. К.) тамеки заттарынын уулуу ингредиенттери жана тамеки түтүнүн түзүүчүлөр жөнүндө, ошондой эле алардын тамеки тартуучулардын жана тамеки тартпаган адамдардын ден соолугуна терс таасирлери жөнүндө маалыматтар жана маалыматтык материалдар менен республиканын калкын камсыз кылышсын.

**3.** Өз товарларын Кыргыз Республикасынын рыногунда сатуучу өндүрүшчүлөрдөн отчетторду алуу жана анализдөө үчүн жоопкерчилик (№2 тиркемеге ылайык) тамекиге каршы күрөш боюнча Саламаттыкты сактоо министрлигинин улуттук координаторуна (Ч.Б.Бекбасарова) жүктөлсүн.

**4.** Саламаттык сактоонун республикалык дарылоо-алдын алуу уюмдарынын, илимий-изилдөө институттарынын, улуттук борборлордун, саламаттык сактоонун милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Бишкек аймактык башкармалыгынын, облустук бириктирилген ооруканалардын, облустук, шаардык жана райондук үй-бүлөлүк медицина борборлорунун жетекчилери стационарлардагы оорулууларды жана пациенттерди тамеки заттарынын уулуу ингредиенттери жана тамеки түтүнүн түзүүчүлөр жөнүндө, ошондой эле алардын ден соолукка терс таасирлери жөнүндө маалыматтар, маалыматтык материалдар менен камсыз кылышсын.

**5.** Кадр саясаты, билим берүү жана уюштуруу иштери башкармалыгынын начальниги (Исмаилов М.А.) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин тамекиге каршы күрөшүү боюнча улуттук координатору (Бекбасарова Ч. Б.) бул буйрукту мыйзамда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде каттоодон өткөрүүнү камсыз кылышсын.

**6.** Бул буйрук катталгандан кийин жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялансын жана жарыяланган булагы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине кабарлансын.

**7.** Кыргыз Республикасынын аймагында Кыргыз Республикасынын Башкы мамлекеттик санитардык врачынын “Санитардык гигиеналык нормативдик акттарды бекитүү” деген Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 10.06.2004-жылда катталган, каттоо № 64-04 2004-жылдын 28-майындагы № 20 токтомунун 13-пункту 2009-жылдын 1-январынан тартып күчүн жоготту деп эсептелсин.

**8.** Бул буйрук мыйзамда белгиленген тартип боюнча күчүнө кирет.

**9.** Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары М. М. Каратаевге тапшырылсын.

**Министр** **М. А. МАМБЕТОВ**

**2008-жылдын 19-августу, №426.**

***№1-тиркеме***

## Тамеки заттарындагы чайырдын, никотиндин жана көмүртек кычкылынын болушунун жол берилүүчү эң жогорку деңгээли

**1.** Бул Эреже «Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-статьясынын негизинде даярдалды, мында саламаттык сактоо тармагында Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тамеки заттарында уулуу ингредиенттердин камтылышынын же тамеки түтүнүн түзүүчү заттардын жол берилүүчү эң жогорку чегин жыл сайын белгилейт жана булар тууралуу калкка маалымдайт.

**2.** Кыргыз Республикасынын рыногуна түшүүчү тамеки заттарынын бардык кутучалары жана таңгакчалары «Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-статьясынын жана ушул эрежелердин талаптарына ылайык милдеттүү тартипте жүргүзүлүүгө тийиш.

**3.** 2008-жылдын 31-декабрына чейин Кыргыз Республикасынын аймагында Кыргыз Республикасынын Башкы мамлекеттик санитардык врачынын 2004-жылдын 28-майындагы № 20 токтому менен бекитилген жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 10.06.2004-жылда катталган, каттоо № 64-04 Тамеки заттарында чайырдын жана никотиндин жол берилүүчү эң жогорку деңгээлинин нормалары колдонулат.

**4.** 2009-жылдын 1-январынан тартып Кыргыз Республикасында эркин жүгүртүүгө чыгарылуучу, сатылуучу же өндүрүлүүчү тамекилерде чайырдын, никотиндин жана көмүртек кычкылынын болушу төмөнкүлөрдөн ашпоого тийиш:

- чайыр үчүн – чыпкалуу сигаретке 10 мг жана чыпкасыз сигаретке 11 мг;
- никотин үчүн – чыпкалуу сигаретке 0,8 мг жана чыпкасыз сигаретке 1,0 мг;
- көмүртек кычкылы үчүн – чыпкалуу сигаретке 10 мг жана чыпкасыз сигаретке 12 мг.

Чегүүчү жана түтүктүү тамеки үчүн чайырды камтышы 1 г тамекиге карата 11 мг жана никотин – 1,2 мг ашпоого тийиш.

**5.** 2010-жылдын 1-январынан тартып Кыргыз Республикасында эркин жүгүртүүгө чыгарылуучу, сатылуучу же өндүрүлүүчү тамекилерде чайырдын, никотиндин жана көмүртек кычкылынын болушу төмөнкүлөрдөн ашпоого тийиш:

- чайыр үчүн – чыпкалуу сигаретке 8 мг жана чыпкасыз сигаретке 10 мг;
- никотин үчүн – чыпкалуу сигаретке 0,7 мг жана чыпкасыз сигаретке 0,9 мг;
- көмүртек кычкылы үчүн – чыпкалуу сигаретке 9 мг жана чыпкасыз сигаретке 11 мг.

Чегүүчү жана түтүктүү тамеки үчүн чайырды камтышы 1 г тамекиге карата 10 мг жана никотин – 1,0 мг ашпоого тийиш.

**6.** Сигареттерде камтылган чайыр, никотин жана көмүртек кычкылы Кыргыз Республикасында колдонулуучу стандарттардын негизинде: ISO 4387-91 чайыр үчүн, 10315-91 никотин үчүн жана 8454-95 көмүртек кычкылы үчүн өлчөнүүгө тийиш.

**7.** Чайырды, никотинди жана көмүртек кычкылынын деңгээлин өлчөө жана зарыл учурларда тамеки заттарынан бөлүнүп чыгуучу башка зыяндуу заттарды аныктоо үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар белгилеген ар кандай башка тесттер тамеки заттарын өндүрүүчүлөр жана импорттоочулар, Кыргыз Республикасынын рыногунда өздөрүнүн товарын сатуучулардын эсебинен же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аккредиттелген лабораторияларда камсыз кылынат.

**8.** Эң бери болгондо бир эле ингредиентти камтыган же жол берилүүчү эң жогорку чектен ашык тамеки түтүнүн түзүүчү тамеки заттары, белгиленген тартип боюнча сатуудан алып коюлууга жок кылынууга тийиш.

***№ 2-тиркеме***

## Өз товарларын Кыргыз Республикасынын рыногунда сатуучу жергиликтүү жана чет өлкөлүк өндүрүшчүлөрдүн чыгарылган продукциялары Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулчу стандарттарга ылайыктыгы жөнүндө отчет берүүсүнүн

# ЭРЕЖЕЛЕРИ

**1.** Тамеки заттарын өндүрүүчүлөр “Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана бул эрежелерге ылайык өндүргөн продукциясынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык келиши жөнүндө жыл сайын Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине отчет берүүгө милдеттүү. Жыл сайынкы отчет Саламаттыкты сактоо министрлигинин тамекиге каршы күрөш боюнча улуттук координаторуна жаңы жылдын 31-январынан кечикпей берилиши керек.

**2.** Отчетто төмөнкүлөр болууга тийиш:

- алар чыгарып, Кыргыз Республикасынын (КР) рыногуна чыгуучу бардык тамеки заттар жөнүндө маалымат, эмиссиялардын көлөмүн, ошондой эле буюмдардын параметрлерин көрсөтүү менен;
- пайдаланылчу сырье, калдык пестициддер, булгоочулар, даамдык кошундулар жана иштетүүгө колдонулчу каражаттар, ошондой эле бөлүнүп чыгуучу продуктулар (мисалы, тамеки заттарды колдонууда жаралуучу көмүртектин кычкылы сыяктуу заттар) жөнүндө маалыматтар;
- тийиштүү продуктунун дизайны жөнүндө маалыматтар;
- медициналык эскертүүлөрдүн ар бир түрүнүн КР рыногуна түшүп жаткан ар бир тамеки заттарынын түрүндө жана маркасында колдонулушу жөнүндө маалыматтар.

**3.** Өз продукциясын Кыргыз Республикасынын рыногунда сатуучу тамеки заттарды чыгаруучулар жыл сайынкы отчетту төмөнкүдөй формада беришет:

**3.1.** Тамеки компаниясынын аталышы, толук дареги, телефонун, электрондук почтасын, вебсайтын көрсөтүү менен;

**3.2.** Республикада коммерциялык сатууга сунушталчу тамеки заттардын бардык булгоочуларын жана башка параметрлерин контролдоо үчүн жооптуу кызматкердин аты-жөнү;

**3.3.** Алар чыгарып, республиканын рыногуна түшүүчү тамеки заттардын тизмеси;

**3.4.** Тамеки заттардын ар бир маркасынын курамындагылардын баары жөнүндө маалыматтар бир сигаретке карата эсептегенде:

- никотин
- аммиак/аммонийдин иондору
- металлдар (мышьяк, кадмий, хром, коргошун, сымап, никель, селениум)
- альдегиддер
- пестициддер жана гербициддер
- тамекиге тиешелүү нитрозаминдер, мисалы [N-нитрозононикотин (NNN), 4-(N-нитрозометиламин)-1-(3-пиридил)-1-бутанон (NNK), N-нитрозоанатабин (NAT) жана N-нитрозоанабазин (NAB)]
- эфир майлар (мисалы, ментол жана эвгенол)
- кант (кошундулар жана табигый түрүндө)
- аралашмалар (мисалы, нымдоочу жана жыт берүүчү заттар).

**3.5.** Тамеки заттарды колдонуудан жаралган эмиссиялар (чылымчы жутуучу жана айлана-чөйрөгө чыгаруучу түтүн). Төмөндө саналган уулуу курандыларды өлчөөнүн натыйжалары, ошондой эле төмөндө аталган заттардын тизмеси чайырдын миллиграммына карата эсеп менен маалымдалууга тийиш:

**(Уландысы 15-бетте)**

**Министерство юстиции Кыргызской Республики**
**Регистр.номер №116-08, 26 сентября 2008 г.**

# П Р И К А З

### МИНИСТЕРСТВА ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О токсичных ингредиентах табачных изделий и составляющих табачного дыма

В целях реализации Постановления Правительства Кыргызской Республики «О мерах по реализации Закона Кыргызской Республики «О защите здоровья граждан Кыргызской Республики от вредного воздействия табака» №122 от 4 апреля 2008 года, статьи 10 Закона Кыргызской Республики «О защите здоровья граждан Кыргызской Республики от вредного воздействия табака» и Рамочной Конвенции ВОЗ по борьбе против табака

**П Р И К А З Ы В А Ю:**

**1.** Утвердить прилагаемые

- предельно допустимые уровни содержания смолы, никотина и окиси углерода в табачных изделиях и правила их измерения (приложение №1).

- правила отчетности местных и зарубежных производителей табачных изделий, реализующих свои товары на рынке Кыргызской Республики, о соответствии производимой продукции к стандартам, действующим на территории КР (приложение №2).

**2.** Директору республиканского центра укрепления здоровья и руководителю пресс-центра (Айтмурзаева Г.Т., Баялинова Е. К.) обеспечить население республики информацией и информационными материалами о токсичных ингредиентах табачных изделий и составляющих табачного дыма, а также об их влиянии на здоровье как курящих, так и некурящих людей.

**3.** Возложить ответственность за прием и анализ отчетов от табачных производителей, реализующих свой товар в Кыргызской Республике национальному координатору Минздрава КР по борьбе против табака (Бекбасарова Ч. Б.) согласно приложению №2.

**4.** Руководителям республиканских лечебно-профилактических организаций здравоохранения, научно-исследовательских институтов, национальных центров, Бишкекского территориального управления здравоохранения фонда обязательного медицинского страхования, областных объединенных больниц, областных, городских и районных центров семейной медицины обеспечить пациентов и больных, находящихся в стационарах информацией и информационными материалами о токсичных ингредиентах табачных изделий и составляющих табачного дыма, а также об их влиянии на здоровье.

**5.** Начальнику управления кадровой политики, образования и организационной работы (Исмаилов М.А.) обеспечить регистрацию настоящего приказа в Министерстве юстиции Кыргызской Республики в установленном законодательством порядке.

**6.** Опубликовать настоящий приказ в средствах массовой информации после регистрации и уведомить об источнике опубликования Министерство юстиции Кыргызской Республики

**7.**С 01.01.2009 года признать утратившим силу пункта 13 Постановления Главного Государственного санитарного врача Кыргызской Республики «Об утверждении санитарно-гигиенических нормативных актов» от 28 мая 2004 года №20, зарегистрированного Министерством юстиции Кыргызской Республики 10.06.2004 года, рег. № 64-04.

**8.** Настоящий приказ вступает в силу в установленном законодательством порядке.

**9.** Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Каратаева М. М.

**Министр** **М. А. МАМБЕТОВ**

**19 августа 2008 года, №426.**

***Приложение №1***

## Предельно допустимые уровни содержания смолы, никотина и окиси углерода в табачных изделиях и правила их измерения

**1.** Настоящие правила подготовлены на основании статьи 10 Закона Кыргызской Республики «О защите здоровья граждан Кыргызской Республики от вредного воздействия табака», где уполномоченный государственный орган Кыргызской Республики в области здравоохранения устанавливает ежегодно предельно допустимые значения содержания в табачном изделии токсичных ингредиентов или составляющих табачного дыма, информируя о них население.

**2.** Все пачки и упаковки табачных изделий, поступающие на рынок Кыргызской Республики, должны быть произведены в обязательном порядке в соответствии с требованиями статьи 10 Закона Кыргызской Республики «О защите здоровья граждан Кыргызской Республики от вредного воздействия табака» и настоящих Правил.

**3.** До 31 декабря 2008 года на территории Кыргызской Республики действуют нормы предельно допустимых уровней смолы и никотина в табачных изделиях, утвержденные Постановлением Главного Государственного Санитарного врача Кыргызской Республики №20 от 28 мая 2004 года и зарегистрированные Министерством юстиции Кыргызской Республики 10.06.2004 года, рег. № 64-04.

**4.** С 1 января 2009 года содержание смолы, никотина и окиси углерода в сигаретах, выпускаемых в свободный оборот, продаваемых или производимых в Кыргызской Республике, должно быть не больше, чем:

- для смолы - 10 мг на сигарету с фильтром и 11 мг на сигарету без фильтра;
- для никотина – 0,8 мг на сигарету с фильтром и 1,0 мг на сигарету без фильтра;
- для окиси углерода - 10 мг на сигарету с фильтром и 12 мг на сигарету без фильтра.

Для курительного и трубочного табака содержание смолы не должно быть более 11 мг и никотина – 1,2 мг на 1 г табака.

**5.** С 1 января 2010 года содержание смолы, никотина и окиси углерода в сигаретах, выпускаемых в свободный оборот, продаваемых или производимых в Кыргызской Республике, должно быть не больше чем:

- для смолы - 8 мг на сигарету с фильтром и 10 мг на сигарету без фильтра;
- для никотина – 0,7 мг на сигарету с фильтром и 0,9 мг на сигарету без фильтра;
- для окиси углерода - 9 мг на сигарету с фильтром и 11 мг на сигарету без фильтра.

Для курительного и трубочного табака содержание смолы не должно быть более 10 мг и никотина – 1,0 мг на 1 г табака.

**6.** Смола, никотин и окись углерода, содержащиеся в сигаретах, должны измеряться на основе стандартов, действующих в Кыргызской Республике: ISO 4387-91 для смолы, 10315-91 для никотина и 8454-95 для окиси углерода и т.д.

**7.** Измерение уровня содержания смолы, никотина и окиси углерода, и при необходимости, любые другие тесты, установленные уполномоченными государственными органами для определения других вредных веществ, выделяемых табачными изделиями, обеспечиваются производителями и импортерами табачных изделий, реализующими свой товар на рынке Кыргызской Республики за их счет или в лабораториях, аккредитованных в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

**8.** Табачные изделия, в которых содержание хотя бы одного ингредиента или составляющей табачного дыма превышает предельно допустимые значения, должны быть изъяты из продажи и уничтожены в установленном порядке.

***Приложение №2***

# ПРАВИЛА

## отчетности местных и зарубежных производителей табачных изделий, реализующих свои товары на рынке Кыргызской Республики о соответствии производимой продукции стандартам, действующим на территории Кыргызской Республики

**1.** Производители табачных изделий, согласно Закону Кыргызской Республики «О защите здоровья граждан Кыргызской Республики от вредного воздействия табака» и настоящим правилам обязаны ежегодно представлять отчеты Министерству здравоохранения Кыргызской Республики о соответствии производимой продукции установленным законодательством Кыргызской Республики требованиям. Ежегодный отчет представляется не позднее 31 января нового года национальному координатору Министерства здравоохранения Кыргызской Республики по борьбе против табака.

**2.** Отчет должен включать:

- информацию о всех производимых ими табачных изделиях, поступающих на рынок Кыргызской Республики (КР), с указанием объема и эмиссий, а также параметров изделий;
- данные в отношении содержания используемого сырья, остаточных пестицидов, загрязнителей, вкусовых добавок и содействующих переработке средств, а также о выделяемых продуктах (например, материалах, образующихся в процессе употребления табачных изделий, таких как окись углерода);
- данные о дизайне определенного продукта;
- данные о применении медицинских предупреждений по каждому виду и маркам табачных изделий, поступающих на рынок КР.

**3.** Производители табачных изделий, реализующие свой товар на рынке КР, представляют ежегодный отчет в следующей форме:

**3.1.** Название табачной компании, полный адрес с указанием телефона, е-почты, вебсайта;

**3.2.** ФИО сотрудника, ответственного за контроль всех загрязнителей и других параметров табачных изделий, предлагаемых для коммерческого сбыта в республике;

**3.3.** Перечень производимых ими табачных изделий, которые поступают на рынок республики;

**3.4.** О всех составляющих каждой марки табачных изделий из расчета на одну сигарету:

- никотин
- аммиак/ионы аммония
- металлы (мышьяк, кадмий, хром, свинец, ртуть, никель, селениум)
- альдегиды
- пестициды и гербициды
- нитрозамины специфичные для табака, например [N-нитрозононикотин (NNN), 4-(N-нитрозометиламин)-1-(3-пиридил)-1-бутанон (NNK), N-нитрозоанатабин (NAT) и N-нитрозоанабазин (NAB)]
- эфирные масла (например, ментол и эвгенол)
- сахара (в виде добавок и естественного происхождения)
- примеси (например, увлажняющие и ароматизирующие вещества).

**3.5.** Эмиссии в результате употребления изделия (дым, вдыхаемый курильщиком и поступающий в окружающую среду). Результаты замеров выделений токсических составляющих, перечисленные ниже, должны сообщаться в перерасчете на миллиграмм смол, а также перечень веществ, представленные ниже:

**(Продолжение на 15 стр.)**

# НООКАТТЫН СЕКСЕНИНЧИ АШУУСУ


Быйыл күзүндө районубуздун 80 жылдык юбилейи белгиленмекчи. Буга карата районубуздун эмгекчилери, мекеме-ишканалар кызуу даярдыктарын көрүшүүдө.

Белгилей кетүүчү жагдай, кылымга жакын мезгилдин ичинде районубуздун экономикалык абалы, калкынын турмуш-тиричилиги, тарыхы болуп көрбөгөндөй өзгөрдү, өстү. Калк арасынан илимпоздор, искусство менен маданият ишмерлери, чыгармачыл инсандар, эмгек баатырлары өсүп чыкты. Мындай жетишкендиктер, эмгектик ийгиликтер Кыргызстандын тарыхынын барактарына алтын тамгалар менен жазылып турат. Ноокат районунун (сөз райондун тарыхы жөнүндө болууда) таржымалы өткөн кылымдын 20-жылдарына барып такалат. А жалпы тарыхынын чынжыры тээ алыскы миллион жылдарга узарып кетет. Ага жергебизден табылган тарыхый зстеликтер далил болуп берет. Адегенде бул жер жөнүндө жалпы маалымат бере кетели.

Ноокат өрөөнү деңиз деңгээлинен 1200-1500 метр бийиктикте турат. Тарыхый эстеликтерге өтө бай. Айрыкча Чили-Сай, Кескен-Бел, Таш-Короо деген жерлерде табышмактуу сүрөт жазмалар бар. Булардын ичинен Чили-Сай аскасынын тарыхый мааниси чоң өзгөчө жер деп атаса болчудай. Минткенибиздин себеби бар. Аска ноо сыяктуу жайгашып, эки тоо кыркаларын бириктирип турат. Изилдөөчүлөр аны коло дооруна таандык кылып жүрүшөт. Окумуштуулар, геологдор муну граниттик же мрамордук же кристаллдык кыйроодон бүткөн дешет.

Чили-Сай ноосу - тик кесилген, ак мрамор таштан турат. Анын жалпы узундугу 2,2-5 километр, туурасы 9-10 метр, бийиктиги 45-50 метр чамасындагы аянтты ээлеген. Ноонун түштүк тарабына ар түрдүү сүрөт-жазмалары чегерилген. Кызыгы сүрөт-жазмалардын айрымдары 2 метрди түзүп турса, кээ бирлери 45-50 метр бийиктикке чейин чегерилип отурган. Сөз болуп жаткан жазууларды окумуштуулар: «Өзүнчө эле табигый обсерватория», - деп баалашып, аныктама беришкен.

Албетте, таштагы сүрөт-жазуулар окумуштуулар тарабынан чечмелөөгө алынат. Болжолдуу түрдө «кат» деген маанини билдирген сөздү такташат. Ошондон улам биздин өрөөн Ноокат деп аталып калган делет. Балким ушул аймактан өткөн адамдар, ноодогу катты, жазууларды көрүп: «Ноодогу жазуусу бар жерден өттүм, ноодогу каттын жанында болдум», - деген сөздөрдү колдонуп жүрүп, жерибизге Ноокат деген аталыш бергендир. Кыскасы, жергебиздин Ноокат деп аталып калышына түрдүү божомолдор айтылып жүрөт. Канткен менен районубуздун аталышына ошо тарыхый жазма эстеликтер себеп болуп калса керек.


Абшыр-Ата дарыясы

Баарыңыздарга белгилүү болгондой Ноокат районунун тарыхына Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын таасири чоң болду. Чындыгында кийинки муундагылар үчүн жергебиздин жазуусу, тарыхы жөнүндөгү маалымат, жогоруда айтылган миллион жыл мурдагы сүрөт-жазма эстеликтерин эске албаганда, ушул күндөн белгилүү болуп жүрөт. Районубуздун 80 жылдык тарыхына назар салып карасак, Октябрь революциясынын таасири менен ири бурулуштар жасалды, өзүнчө район болуп жаралды. Бул да болсо элдин бактысы, түгөнгүс ырыскысы.

Тарых барактарын ачып көрсөк, ошол революция ишке ашкан соң, Коммунисттик партия менен Совет өкмөтү улут маселесине өзгөчө көңүл буруп, Орто Азия элдерин улут катары таанып, өзүнчө мамлекеттерге ажыратты. 1924-жылдын 14-октябрында СССРдин Борбордук аткаруу комитетинин XI сессиясында улуттук мамлекеттерди түзүү жөнүндөгү жобо бекитилип, кыргыз элин Түркстан АССРинин курамынан бөлүнүп чыгууга жана РСФСРдин составындагы Кыргыз автономиялуу областын түзүүгө укук берген. Ошентип алгач кыргыздар Кара-Кыргыз автономиялуу область катары РСФСРдин курамында турган. Ошол эле жылдын 21-октябрында Бүткүл Союздук Борбордук аткаруу комитети тарабынан ревкомдун составы бекитилип, округдук борборлор түзүлөт. 1925-жылдын март айында Советтердин аймактык (округдук) съезддери өтөт жана Кыргыз автономиялуу облусунун биринчи уюштуруу съездине делегаттар көрсөтүлөт. Уюштуруу съезди 1925-жылдын 27-мартында болуп, облревкомдун жасаган докладынын негизинде резолюция кабыл алынат. Анда негизинен Кара-Кыргыз автономиялык облусун РСФСРдин составындагы автономиялык республикага айландыруу жана «кара» деген кошумча сөздү алып салуу жөнүндөгү суроо-талапка басым жасалат. Ошондой эле «кара» деген сөз байыркы кыргыз элине эски колониялык падыша өкмөтүнүн бийлөөчү төбөлдөрү тарабынан кемсинтүү иретинде киргизилгени билдирилет.

Жалпы кыргыз элинин мүдөөсү орундалып, Борбордук аткаруу комитетинин 1925-жылдын 25-майындагы атайын токтому менен «кара» деген сөз алынып салынат. 26-жылдарга келип Кыргызстанда административдик аймактык бөлүнүүлөр (волостор, округдар) башталат. Ал ушул жылдын 7-июнундагы Кыргыз автономиялуу областынын аткаруу комитетинин төртүнчү пленумунун токтомуна негизделип, ишке ашырылат.

Ал эми 1926-жылдын 18-ноябрындагы Борбордук аткаруу комитетинин үчүнчү сессиясынын 12-чакырылышында ири өзгөрүштөр болот. Сессияда Кыргыз автономиялык облусу Кыргыз АССРи болуп кайра түзүлөт. Аймактар волосторго ажыратылат. Ошондо биздин Ноокат аймагы Ичкилик, Турук жана Кошчан деген аталыштагы үч волоско бөлүнөт. 1928-жылдын 10-декабрындагы Борбордук аткаруу комитетинин (ВИЦКнын) токтомуна негизделип волостор жоюлуп, 10 райондон турган Ош округу уюшулат. Ошол ондун бирине Ноокат да кирип, борбору Эски-Ноокат селосу деп белгиленет. Андыктан Ноокат району 1928-жылдын 28-декабрында район болуп негизделет жана 80 жылдык тарыхы ушул күндөн башталат. Чек арасы: түштүк-чыгышынан Алай-Гүлчө районуна, батышы Кытай менен, түндүк-чыгышы Ош жана Араван менен, түндүк-батышы Өзбекстандын Мархамат району менен, түштүк-батышы тоолуу Тажикстандын Жерге-Тал райондору менен чектелип түзүлөт. Алгач уюшулганда райондун карамагында 14 селолук совет түзүлөт. Алар төмөнкүлөр:

Эски-Ноокат селолук советинин карамагында Фрунзе, Чапаев, Киров жана Кызыл-Сай колхоздору болгон. Селолук советтин председатели болуп М.Юлдашев деген киши иштеген. Жаңы-Ноокат селолук советинде Молотов, Зарипдар, Кызыл-Тейит, Маданият, Гүлистан колхоздору кирип, Рахманбердиев башкарган. Кызыл Октябрь селолук советинин курамында Ворошилов, Карл Маркс, Маданият, Коммунист, Ынтымак колхоздору кирип, селолук советтин төрагасы болуп Юлдашев иштеген. Бел селолук советтин председатели С.Юсупов болгон. Анын карамагына Бел-Өрүк, Кеңеш, Чили-Сай колхоздору кирет. Хожо-Арык селолук совети, председатели Абдукахаров, карамагында Кызыл-Батырак, Стрелков колхоздору. Кыргыз-Ата селолук совети, председатели Абдухаликов, карамагындагы колхоздор - Сталин, Тельман, Правда, Көтөрмө, Кызыл-Кетмен, Кызыл-Туу селолук советинин карамагында Куйбышев, Крупская, Кызыл-Чолпон, Кызыл-Октябрь колхоздору болгон. Кыркол селолук совети, жетекчиси Туйтиев, колхоздору - Арал, Пример. Биринчи Май селолук совети, председатели Камбаров, колхоздору - Каганович, Салиева, Кеңеш, Өрнөк. Беш-Бадам селолук совети, төрагасы Мырзараимов, колхоздору - Чечме-Сай, Ежов. Папан селолук совети, жетекчиси Алыкулов, колхоздору - Жаңы-Турмуш, Айкөл, Коммуна, Кеңеш, Ак-Терек, Кызыл-Эмгек, Папан, Кызыл-Туу, Алчалы. Лаглан селолук совети, председатели Т.Юнусов, колхоздору - Сталин, Большевик, Лаглан.

Мындан тышкары Көк-Бел поссовети, Орозбеков, Кичи-Алай селолук советтери да болгон. Алар жөнүндө толук маалымат таба албадык. Колхоздоштуруу мезгилинде ар бир селолук советте жок дегенде 8-10 колхоздору болгон.

Ошол жылдары райондун чарба субъектери мал чарбачылыгы менен алектенишкен. Дыйканчылыктан дан гана өстүрүлгөн. Граждандык согуш, кийинчерээк басмачылык күчөп, элдин малына уурулук көбөйгөндүгүнө байланыштуу, мал чарбачылыгынан көрө көбүрөөк дан өстүрүүгө өтүшөт. Буга кийин тамеки өстүрүү, жибекчилик кошулат. Райондо аздыр-көптүр өндүрүш иши да болуп, ал жерде бир тобу жумушчу болуп эмгектенишет. Жумушчулар «Ятан», «Алмалык» шахтыларында кустарлык жол менен көмүр казышкан. Статистикалык маалыматтарга таянсак, ошол жылдары «Ятан» шахтысынан 2,000 тоннага, «Алмалык» шахтысынан 9,000 тоннага чейин көмүр казылып алынчу. Көмүр Ноокат районунун, Ош шаарынын жана коңшулаш Өзбек Республикасынын калкына сатылган. Мындан тышкары Кичи-Алай селолук советинин аймагынан «Чайкуйрук» мышьяк кени ачылып, «Союз-мышьяк» аркылуу казуу иштери жүргүзүлгөн. Башка селолук советтердин аймагынан мрамор, троф, алибастер казып алуу, арча-токой иштетүүчү өндүрүштөрү жолго коюлган.



**Ш.МУРАТОВА,**
*Ноокат райондук мамлекеттик архивинин башчысы.*

## Өз товарларын Кыргыз Республикасынын рыногунда сатуучу жергиликтүү жана чет өлкөлүк өндүрүшчүлөрдүн чыгарылган продукциялары Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулчу стандарттарга ылайыктыгы жөнүндө отчет берүүсүнүн

(Башталышы 14-бетте)

## ЭРЕЖЕЛЕРИ

- никотин/бош никотин
- чайыр
- көмүртектин кычкылтеги
- никотинден бош бөлүкчөлөрдүн никтоиндин бөлүп чыгарылышына карата катышы
- көп ядролуу ароматтуу углеводороддор
- учма заттар: бензол, 1,3-бутадиен, формальдегид, ацеталдегид
- нитрозаминдер: NNN, NNK, NAT, NAB
- металлдар: мышьяк, кадмий, хром, коргошун, сымап, никель, селен
- газдуу фазанын түзүүчүлөрү: азот кычкылы, суутектин цианиди.

**3.6.** Заттар жөнүндө маалыматтар:

- аэрозолдун бөлүкчөлөрүнүн өлчөмдөрү (орточо жана ишеничтүүлүк интервалы 95%да)
- чыпканын желдеши
- чыпканын узундугу
- чыпканын калдык булалары
- фильтрде жыгач көмүрүнүн саны
- сигареттин жоондугу
- кагаздын жылчыктуулугу
- иштетилген тамекинин проценттик көрсөткүчү
- реконструкциаланган тамекинин проценттик көрсөткүчү
- нымдын саны
- продуктунун катуулугунун даражасы.

**3.7.** Республиканын рыногуна чыгаруу пландаштырылып жаткан жаңы заттар жөнүндө маалымат.

**3.8.** Ар бир продуктунун дизайны жөнүндө маалыматтар, эгер пландалып жатса тийиштүү заттардын жаңы дизайндары жөнүндө маалыматтар менен кошо.

**3.9.** Тамеки буюмдардын өндүрүшчүлөрү ар жылдык отчетто тамеки буюмдардын ар бир түрү боюнча медициналык эскертүүлөрдүн колдонулушу жөнүндө, алардын текши бөлүнүп колдонушунун камсыздалышын контролдоо үчүн, кварталдык маалыматты төмөнкүдөй формада беришет:

| Тамеки буюмдардын маркалары | Квартал | Кутудагы жана кабындагы колдонулган медициналык эскертүүлөр | Дата | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жасалган күнү | КР рыногуна түшкөн күнү |
| 1. L&M | 1-чи | | | |
| | | | | |
| | 2-чи | | | |
| | | | | |
| | 3-чи | | | |
| | | | | |
| | 4-чи | | | |
| | | | | |
| 2. Marlboro | 1-чи | | | |
| | | | | |
| | 2-чи | | | |
| жана ошондой эле | | | | |

## ПРАВИЛА

## отчетности местных и зарубежных производителей табачных изделий, реализующих свои товары на рынке Кыргызской Республики о соответствии производимой продукции стандартам, действующим на территории Кыргызской Республики

(Начало на 14 стр.)

- никотин/свободный никотин
- смола
- окись углерода
- соотношение свободных от никотина сухих частиц к выбросу никотина
- многоядерные ароматические углеводороды: бензо[а]пирен
- летучие вещества: бензол, 1,3-бутадиен, формальдегид, ацетальдегид
- нитрозамины: NNN, NNK, NAT, NAB
- металлы: мышьяк, кадмий, хром, свинец, ртуть, никель, селен
- составляющие газовой фазы: окись азота, цианид водорода.

**3.6.** Данные об изделии:

- размеры частиц аэрозоля (средние и при 95%-ном интервале надежности)
- вентиляция фильтра
- длина фильтра
- остаточные волокна фильтра
- содержание древесного угля в фильтре
- окружность сигареты
- пористость бумаги
- процентный показатель реконституированного табака
- процентный показатель обработанного табака
- содержание влаги
- степень жесткости продукта.

**3.7.** Информация в отношении новых табачных изделий, планируемых к внедрению на рынке республики.

**3.8.** Данные о дизайне каждого изделия, включая информацию о новых дизайнах определенного изделия, если планируется.

**3.9.** Производители табачных изделий представляют в ежегодном отчете ежеквартальную информацию о применении медицинских предупреждений по каждому виду и маркам табачных изделий, для контроля над обеспечением равномерности их использования по следующей форме:

| Марка табачных изделий | Квартал | Использованное медицинское предупреждение | Дата | |
|---|---|---|---|---|
| | | | производства | поступления на рынок КР |
| 1. L&M | 1-й | | | |
| | | | | |
| | 2-й | | | |
| | | | | |
| | 3-й | | | |
| | | | | |
| | 4-й | | | |
| | | | | |
| 2. Marlboro | 1-й | | | |
| | | | | |
| | 2-й | | | |
| и т. д. | | | | |